**№10 К.Абдыразаков атындагы жалпы билим берүүчү мектебинин жалпы ата-энелер чогулушунун**
ПРОТОКОЛУ

Сакалды айылы 22.01 2021-ж

Катышкан ата-энелердин саны:-320

Чогулуштун төрайымы: Токтогулова У.

Катчы: Мырзалиева А.

**Күн тартибиндеги маселе:**

Мектептин эшик, терезелерин пластикке алмаштыруу.

**Күн тартибиндеги маселе боюнча сөзгө мектеп директору У.Токтогулова чыгып сүйлөдү:** Урматтуу ата-энелер, мектеп жамааты өзүңөргө белгилүү болгондой биздин мектептин эшик-терезелери эскирип жараксыз болуп, азыркы заманбап терезелерге алмаштыруу зарылчылыгы келип турат. Мисалы: кааналарды желдетүү үчүн терезелерди ачууга мүмкүн болбой калды. Кышкы суукта да жылуулук кармалбай кааналар тез муздап калып жатат. Эгерде эшик терезелер пластикке алмаштырылса мектептин имараты да көрктүү көрүнүп, кызматкерлерге жана окуучуларга шарт түзүлөт. Ошондуктан биз Ноокен райондук өнүктүрүү фондуна долбоор даярдасакпы деген оюбуз бар.

**Сөзгө Сакалды айылынын айыл башчысы А.Маткасимов чыгып сүйлөдү:** Бул көйгөй көптөн бери бар мектептеги терезелердин жыгачтары эскирип, чирип жараксыз абалга келип калган. Жергилүктүү бюджеттин мындай чоң имааратын терезелерин алмаштырууга чамасы келбей, ишке ашпай келет. Ошондуктан долбоор даярдоого демилгелүү топ түзүп, долбоор даярдоону айыл өкмөттөн сурансак. Ошондой эле мен жогорудагы демилгени колдоймун жана силерди колдоп берүүңүздөрдү суранамын.

**№10 К.Абдыразаков атындагы жалпы билим берүүчү мектебинин жалпы ата-энелер чогулушу токтом кылат:**

1. №10 К.Абдыразаков атындагы жалпы билим берүүчү мектебинин эшик, терезелерин пластикке алмаштыруу боюнча демилгелүүчү топ түзүп, Ноокен райондук өнүктүрүү фондуна долбоор даярдоо Сакалды айыл өкмөтүнөн суралсын.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө аламын.

Мектеп директору: Токтогулова У.

Катчы: Мырзалиева А.